Бардык өлкө…

ЖЕҢИШ ТУ…

Газет…

Кыргызстан Коммунисттик партиясынын Кант райондук комитетинин жана эл депутаттарынын райондук Советинин органы

№ 66 (5989). ИШЕМБИ, 2-ИЮНЬ, 1990-жыл.



Милянфандын тоютчуларында

Фрунзе атындагы колхоздо чөптүн биринчи чабыгын өз убагында башташты. Арли Машанло жетектеген механикалаштырылган звено бул ишти аткарууда. Жамаатта иш жакшы уюшулган: техника туруп калбайт жана чабылган аянтчадан башкасына тез өтүп турушат. Чабылган жашыл масса бир нече убакыттан кийин таза жыйналып, сенаж төгүлүүчү аңга жөнөтүлүп турат. Колхоз жетекчилеринин айтуулары боюнча комбайнчылар мыкты иштөөдө, чөп жакшы өскөндүктөн коромжусуз жыйноого аракет кылышууда.

СҮРӨТТӨРДӨ: чабылган саптарды жыйноодо, звеночу А. Машанло менен механизатор Ибрагим Маджун.

М. ХАСАНОВдун фотосу.